| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ № 119**

9-февраль 2026-жыл Садовое а.

**Мин-Булак айыл аймагына тиешелүү жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн белгилөө тартиби жөнүндө Жобону, ошондой эле жайыттарды башка максаттарда пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 “Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүн жөнгө салуу жөнүндө” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21 жана 78-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2024-жылдын 15-майындагы №04-13/152 буйругу менен бекитилген Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө типтүү жобого жана жайыттарды жылдык пайдалануу планына ылайык, муниципалдык ишкана «Таза Булак» жайыт боюнча адисинин маалыматын угуп жана талкуулап, Мин-Булак айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Мин-Булак айыл аймагына тиешелүү жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн белгилөө тартиби жөнүндө Жобо 1-тиркемеге ылайык;
- Жайыттарды башка максаттарда пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө Жобо 2-тиркеме ылайык;
- 2026-жылга карата жайыттарды пайдалануу планы 3-тиркемеге ылайык.

2. Айыл өкмөтүнө жана муниципалдык ишканага ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу тапшырылсын.

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө агрардык-жер маселелери, сугат суусу, жайыттар жана мал чарбачылыгы боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Г. Булазова**